Абдиева Ж.К.
*Талас МУ*

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ САЛТТУУ ТУРАК–ЖАЙДЫН СҮРӨТТӨЛҮШҮ

**Түйүндүү сөздөр:** салт, турак-жай, ак үй, чоң үй, чатыр, алачык ж.б.

"Манас" эпосу көп кырдуу дүйнө таанымын үйрөнүүдө түгөнгүс булак катары кызмат кылат. "Манас» эпосунда маданияттын бардык формалары чагылдырылат. Эпостун баалуулугу, анын нарктуулугу – кыргыз көчмөн цивилизациясынын кылымдаган өнүгүүсүнүн тарыхы. Эпостун тарыхый өнүгүшүндө анын маданий өсүп-өнүгүүсүн таанып-билүү, кабылдоо, өздөштүрүү актуалдуу маселелерден болуп саналат.

Кыргыздардын чарбалык уклады көчмөнчүлүк мал чарбачылыгына негизделгендиктен, турак жайлары көчмөн чарбачылыкка байланыштуу түзүлгөн.

Бабалардын байыртан берки боз үйү, негизинен, элдин материалдык маданиятына кирет. Ал эми ага байланыштуу сөздөр, каада-салт, символдор бүтүндөй рухий дүйнөгө байланышкан. Ошондуктан боз үй жөнүндө сөз козгогондо, материалдык байлык рухий байлык менен жуурулушуп турат.

Сагымбай Орозбаковдун вариантында "Жалаң үйдүн порумун, жарым күнү ырдаган" Жайсаң деген ырчы адам кезигери эскерилет [13]. Кыргыздар да кыз себине ак өргөө берүү, уулун үйлөнткөндө ак өргөө көтөрүү салттары "Манас" эпосунда кеңири баяндалат. Манас Кайыпдаңды согушта жеңип, анын кызы Карабөркtү алганда тигилген боз үйдүн жасалгасын:

Салтанатын көргөндө,
Жайсаң ырчы дегени
Жалаң үйдүн порумун,
Жарым күнү ырдаган [12].

Демек, кыргыз эли көчмөндүк турмушуна ылайыктап баш пааналай турган боз үйдү гана жаратпастан, алар турак-жайдын эстетикалык табитине аябай көңүл бургандыгы байкалат. Боз үйдүн каалга, босого таяктарына жыгач оюмдары түшүрүлүп, коолдолуп сырдалып, чийлер чырмалган. Боз үй эпосто сулуулуктун символу жана эң баалуу, эң аялуу буюм катары бааланат.

Кыргыз элинин көчмөн жашоо образы алардын жашоо шартына ылайык боз үйдү жаратты. Кыргыздардын табият менен шайкеш жашаганына, жакындыгына боз үйдөн улам ынанасың. Боз үйдөн сырткы космос жана ички дүйнө менен бирге жашап жаткандай сезесиң.

Байыртан бери кыргыз баласынын оокат–тирлиги жана өмүрү боз үйдө өттү. Боз үй б.з.ч. сактардын, хуннулардын, кыргыздардын, үйсүндөрдүн, дөөлөс-төрдүн учурунда эле болгон. Археологдор Алтайда б.з.ч V-VIII кк. тиешелүү боз үйдүн калдыктарын, ар түрдүү боёкко салынган шырдак оюуларынын калдыктарын табышкан [1].

Боз үй - көчмөн элдердин биргелеш-кен акыл-оюнан жаралган, жеңил десең, жеңил чечкенге, тиккенге оңой, жайында салкын, кышында жылуу, жөнөкөй, кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнүн туу чокусу. «Көкөтөйдүн ашындагы» кыргыздардын Каркыра жайлоосуна үч жүз миң боз үй тиккендиги төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

Үч жүз миң тиккен үйү бар,
Үч ат уулу бийи бар,
Үзүгүнүн баарысын,
Ак манат менен тыштатып,
Ууктарын учтатып,
Учу сайын ууктун,
Учуна манат тыштатып.
Көчкөн болсо бүктөгөн,

Көлүктөргө жүктөгөн,

Кытай жазмаларында боз үй жөнүндө маалымат биздин заманга чейинки доордо эле айтылган. Сыма Цянь «көчмөндөр (кыргыздар) эшиги чыгышты карап тигилген тегерек боз үйдө жашайт» деген [2]. Боз үйдүн бүгүнкү күндөгүдөй кебетеси дароо эле жаралган эмес, нечен доорлорду карытып, улам жаңы табылга кошулуп, жыгачы, кийизи, жип-шуусу улам түрлөнүп, барган сайын көркүнө чыгып олтурган. Кыргыздын боз үйүн жасоодо кол өнөрчүлөрдүн бардык чеберлери теричи, жыгач уста, темир уста, саймачы, оймочу, зергери, уздары катышкан. Кыргыздар боз үйдү күнүмдүк тиричиликке, сыйга жана жоокерчиликте урунушкан.

Боз үйдүн түрлөрү көп. Боз үйдүн жабыгына карай, уук-керегеге карай ак үй, чоң үй, ак өргө, ак ордо (хан үйү) болуп бөлүнгөн. «Манас» эпосунда он эки канат ордо боз үйдүн сүрөттөлүшү:

«Он эки канат ордо үйү,
Түндүгүн түркүн тиктеген,
Ууктарын учтаган,
Учуна манат тыштаган
Үйүн жибек чырмаган,
Уук менен кереге
Отуз түрлүү сырдаган» [14].

Тарыхый маалыматтар далилдеп тургандай, Түштүк Сибирь, Жети-Суу, Тянь-Шань жана Памир-Алтайда жүргүзүлгөн археологиялык маалымат-тарга таянып, кыргыздардын материал-дык маданиятында көчмөн уруулар сак, усун, гунндардын материалдык маданий салттарынын уландысы бар деп айта алабыз. Көчүп алып жүрүүгө ылайыкталган боз үй усундарга жана байыркы кыргыздарда белгилүү болгон.

Кыргыздардын конуштары жана турак-жайынын тиби түзүлгөн тарыхый шарттарга жараша өзгөрүүгө учурап келген жана XIX кылымдын 50-60-жылдарына чейин, негизинен, уруулук белгилери боюнча түзүлүүчү чоң-чоң айыл-жамааттарга биригип жашашкан. Академик В.В.Радлов 1862-жылдагы кыргыздарга жасаган саякатында мындай деп жазган: «Кара кыргыздардын көчүп, конуш мүнөзү казактардыкынан башкача. Кара кыргыздар айыл-айыл болуп жашабастан, уруулаштар боз үйлөрүн кышында дарыялардын боюна бир бирин улай тигип жашашат. Мындай катарлар кээде жыйырма же андан да көп чакырымга созулуп кетет. Жайкысын ушундай эле мүнөздө улам тоо өрдөй көчүп, конуп отурукташат. Демек, ар бир уруу малын өзүнчө тоо беттерине жайышат. Көчүп, конуунун мындай болушу эки нерседен – бири жаратылыш шартынан, экинчиси бул элдин жоокерчилик мүнөзүнөн келип чыккан. Анткени боз үйлөрдүн ушундай жайгашуусу кара кыргыздарга бир нече сааттын аралыгында өз колун толук согуштук абалга келтирүүдө көмөк болот» [5].

Көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашагандыктан, кыргыздарда XIX кылымдын орто ченине чейин бекем отурукташуу болгон эмес. Кыргыздардын отурукташкан конуштарынын түзүлүү процесси Фергана боюндагы райондордо мурда башталган жана ал Ферганада көбүрөөк өнүккөн экономикалык мамилелердин жана отурукташкан жергиликтүү өзбек жана тажик калкы менен карым-катыштын таасирлери менен шартталган. Чүй, Ысык-Көл өрөөндөрүндө андай кыштактар XIX кылымдын эң аягында, анын үстүнө өтө аз санда гана пайда болгон. Алардын пайда болушу Түндүк Кыргызстандын Орусиянын составына кошулушу пайда кылган социалдык-экономикалык жаңы шарттардын таасиринин натыйжасы болгон [1].

Бирок ошондой болсо да, кыргыз элинин басымдуу бөлүгү көчмөн жана жарым көчмөн типтеги конуштарда-айылдарда жашоосун уланта берген. Жайлоого көчүп кеткен мезгилде айылдардын саны азайып, ал эми кыштоого келген мезгилде көбөйүп турган. Бирок

андай айылдар кышында деле жыш жайгашкан эмес. Алар чакан, бири-биринен кыйла алыс жайгашкан турак-жайлардын топтору болгон. Бул айылдардын көбүнүн тургундары эң жакын туугандардан болгон. Ал айылдарды жайгаштырууда да туугандык жана уруучулук принциби сакталган [1].

XX к. орто ченине чейин боз үй, кара үй, кыргыз үй турак–жайдын үстөмдүк кылып турган тиби болгон. Тоолуу шарттарда эзелтеден эле көчмөн малчылык менен кесиптенип келишкен кыргыз уруулары турак-жайдын ыңгайлуу тибин жасап алышкан, андай турак-жайды чечүү, унаага артып ташуу жана кайра тигүү оңой болгон.

Жыйналма боз үйдүн пайда болушу жана таралышы биздин замандын I миң жылдыгынын орто ченине таандык жана байыркы түрктөр менен байланыштуу. Бул эрте көчмөнчүлүк мезгилинен кеч көчмөнчүлүк мезгилине өтүү процессиндеги көчмөндөрдүн маданиятынын эң ири жетишкендиги болуп саналат. Боз үйдүн артыкчылык жактары башка турак-жайларга караганда көп болгон. Анын мындай артыкчылыктары «Манас» эпосунда чагылдырылат:

Аземдеген боз үйдү,
Кереге уугун бүктөтүп,
Кызыл нарга жүктөтүп,
Кыя тартпай үй чечип.
Кылдыратпай суу кечип,
Кызыл нардын куйругун
Кыя тартып өрдүрүп [12].

Боз үйдү аз убакыттын ичинде жыйнап, жетүүгө кыйын болгон тоо жерлерине да жеткирүү жеңил болгон. Боз үйдүн чоңдугу анын керегелеринин санына жараша болуп, көлөмү чоң боз үйлөрдү да көчүрүү кыйынчылык туудурган эмес. Боз үйдүн мурдакы көчмөнчүлүк турак-жайлардан айырма-ланып бир гана кемчилиги - анын элементтерин эми бардык эле көчмөндөр жасай албагандыгы. Себеби жыйналма керегелерди жасоочу атайын уста–кол өнөрчүлөр керек болгон. XIX к. акыры – XX к. башында да керегелерди жасатуу кымбат тургандыктан, кембагал көчмөндөр боз үйгө ээ боло алган эмес. Мисалы, тува жана алтайлык бай көчмөндөр боз үйдө жашашып, кедейлери алачыктарда жашаган [11].

Кыргыз боз үйү, негизинен, бир нече бөлүктөн: керегеден, ууктан, түндүктөн, анан босогодон турат, Түндүгүнөн түтүн чыгып, жарык түшөт. Босогосуна кош канаттуу эшик орнотулат же кийиз капталган чий тартылат. Капталдарына ошондой эле чийлер каланып, үстүнө ар кандай формадагы жана чондуктагы жабуулар жабылат. Түндүгү түнкүсүн жана жаан-чачындуу күндөрдө түндүк жабуу менен жабылат.

Алтайлыктардын салттык турак жайы катары «чадырды» мисал келтир-сек, «Манас» эпосунда чатыр үйгө байланышкан саптар төмөндөгүчө кездешет:

Чатырын алтын салдырган,
Ташкенден бери көчкөндө
Зыйнатка туруп берсин деп,
Көкөтөйдүн Бокмурун.
Так алтымыш ордо кыз,
Ошолорду алдырган [13].

Жогоруда мисал келтирилген кыргыз элинин салттык турак-жайлары чарбалык мамиле боюнча калыптанган традицияга ылайык, өзүнчө функционалдык зоналарга бөлүнгөн. Ички жасалгалоо, буюмдарынын жана эмеректеринин жайгаштырылышы боз үйдүн аянтынын тигил же бул бөлүгүнүн тиричиликте жана чарбачылыкта эмнеге арналгандыгы менен шартталып, ар биринин өзүнө тиешелүү орду болгон. Кыргыздын боз үйүнүн чок ортосуна от жагуучу жерге коломто жайгаштырылат. Эшиктин кире беришинин оң капшытында көпчүлүк учурларда «эпчи жак» (эпчи - байыркы түркчө аял

дегенди билдирет) жайгашат. Бул жер саймалуу чий каланган чарбалык бурч болуп, анда тамак-аш сакталат. Анын тушуна идиш-аяктар жана чарбачылык эмеректери илинип же жөн эле иреттелип коюлат. Боз үйдүн буга карама-каршы тарабы «эр жак» деп аталат. Бул жерге ээр токум, аркан, мылтык, ат жабдыктары, мал багууга керек буюмдар коюлат. Эшиктин тушундагы коломтонун ар жагы «төр» деп аталып, ал ардактуу орун болуп саналган. Үйдүн төр жагындагы керегенин жанына жыгач тактай, таш, ээр коюлуп, аларга сандыктар, жууркан-төшөктөр, таъгактар, кийиздер жана килемдер, жумшак буюмдар, териден жана башка материалдардан жасалган тыш кийимдер салынган өзүнчө бир түрдөгү каптарды жыйышат. Бир нече катар кылып жыйылган мындай буюмдар «жүк» деп аталат. Жүктүн жанындагы орунда төрдө конокту кабыл алышат [2].

Үй ичин бөлүүдө ортодо жайгашкан очокко чоң көңүл бөлүнгөн. Себеби кыргыздар отту ыйык тутуп, сыйынышкан. Ошондуктан очок бул үйдөгү эң негизги ыйык жер болгон. Эшиктин туш жагы төр деп эсептелинген. Төрдө атайын жасалган сандыкта үй-бүлөлүк сыйынуучу буюмдар сакталган. Төр эң сыйлуу жай гана эмес, ыйык тутулган жер болуп эсептелинген.

Боз үйдүн эшигин кай жакты каратуу жөнүндөгү маселе кыйла кызыгууну туудурган маселе болуп саналат. Бизге белгилүү болгондой, байыркы түрктөр өзүлөрүнүн турак-жайынын эшигин чыгыш жакты гана каратып чыгарышкан. Эшикти мындай чыгаруу Саян-Алтай элдеринде, айтсак, Батыш Туванын Монгун-Тайга районунда жана түштүк алтайлыктарда үйдүн эшигин сөзсүз чыгышты каратышканын мисал келтире алабыз [6]. Кыргыздардын көп бөлүгүндө бул каада кийинчерээк сакталбай, боз үйдүн эшиги жердин шартына, айылдын тоого, сууга карата жайгашканына жараша жана шамалдын кай жактан көп болоруна карап чыгарылып калган. Кыргыздарда XVIII к. кийин айылда боз үйлөр тегерек же жарым тегерек болуп тигилип, мурда үйдүн эшиги ургундулай чыгышка караса, азыр шамалдын ыгына жана борбордогу ордо үйгө карата багытталган деп жазат С.А.Аттокуров [2]. Бирок кыргыздардын кээ бир жерлеринде боз үйдүн эшиги ошондой болсо да, чыгыш жактан чыгарылгандыгы байкалган.

XIX к. аягы – XX к. башында кедей кыргыздар жыртык кара туурдук жабылган, ыш баскан кичинекей боз үйлөрдө жашаган. Байлардын жана манаптардын боз үйлөрү чоңдугу жагынан гана эмес, ошондой эле жабууларынын сапаты боюнча айырмаланган; алар жүндөн жука бышырылган кийизден жасалган оймолуу үзүк-туурдук, көп сандаган көркөм коосдолгон боолору менен да айырмаланчу. Боз үйлөрүнүн жыгачтары да бөтөнчө жасалгаланган [1].

Боз үй менен катар эле кыргыздар көчүрүлүүчү турак-жайдын башка типтерин да колдонушканы маалым. Кыргыздарда андай турак-жайдын байыркысы шыргыйлардын башын тийиштирип байлап, үстүнө кийиз жабылган конус түрүндөгү “алачык” болгон. Чыгыш Памирдин кыргыздары мындай алачыкты жырткычтардын терилери менен жабышканы жөнүндө маалыматтар бар. Мындай үйлөр “сайма алачык” деп аталган. Тянь-Шанда жылкычылар урунган андай типтеги алачыкты “отоо” деп аташканы маалым. Ф.А.Фиельструп өз отчетунда учтары буулган түз шыргыйлардан же түтүн чыгуучу тешик болуп кызмат кылган чакан ачакейге учтары аркан менен тизилген шыргыйлардан конус түрүндө тулкусу бар «кийиз алачык» жөнүндө жазган. К.И.Антипина да тулкусунун ортосунда шыргый тирёёч коюлган, түндүккө сайылган ууктар түзгөн алачыктын ушундай эле тиби жөнүндө эске салат.

Ф.А.Фиельструп 1925-жылдагы жазган отчетунда «…кыргыздарда чоң жана кичине размердеги эки яруста жабылган боз үйлөрдөн башка дагы түтүн чыгуучу тешигинен баштап жерге чейин бир яруста кийиз менен жабылган боз үйлөр жолугат. Жүк артуучу унаасы аз адамдар көбүнчө керегелерин кыштоого таштап, боз үйдүн төбөсүн жабуучу шыргайлар (уук) жана түтүн чыгуучу тегерек (түндүк) жыгачтары

менен эле көчүп-конуп жүрүшөт», - деп жазат. К.И.Антипина мындай типтеги үйлөрдөн башка аталыштарын да келтирип, Кыргызстандын түштүгүндө «кепе» деген аталышта кесек урууларында, «ак тигер» делип адигинелерде, «тегиртмек» деп аталып төөлөстөрдө жолугаарын белгилеген [3]. Тувалардын мындай конус түрүндөгү кийиз үйү «педей» деп аталып, ал харачадан (түндүктөн) жана ага сайылган жыгачтардан (ууктардан) гана туруп, бул үй ханасыз (керегесиз) болгон. Үйдүн тулкусу кийиз менен жабылып, чачтан жасалган жиптер менен курчалып бекемделген жана мындай үйдө тар жана үп болгондуктан, көбүнчө колунда жок малчылардын турак-жайы катары саналган [7]. Дал ушундай конус формасында кийиз менен жабылган үйлөр алтайлыктарда да көп кездешип, “чадыр” же “аланчык” деп аталган. Ошондой эле алтай петроглифтеринде алардын сүрөттөрү кезигээрин Л.П.Потапов белгилеп өткөн [8]. Алтайлыктардын салттык турак жайы катары «чадырды» [10] мисал келтирсек, “Манас” эпосунда чатыр үйгө байланышкан саптар төмөндөгүчө кездешет:

Чатырын алтын салдырган,
Ташкенден бери көчкөндө
Зыйнатка туруп берсин деп,
Көкөтөйдүн Бокмурун.
Так алтымыш ордо кыз,
Ошолорду алдырган [13].

Бүгүнкү мезгилде кыргыздын жана түрк элдеринин кийиз үйлөрү өзүнүн маанисин жогото элек. Кыргыздардын тиричилигинде боз үй көмөкчү жайкы турак-жай катары урунулуп келет. Ошондой эле той берүү жана табыт коюу сыяктуу үй-бүлөлүк окуяларда боз үйдү сөзсүз тигишет. Боз үйдүн ички жасалгасы кээ бир өзгөрүштөргө дуушар болду.

Көчмөн кыргыздардын кыштак-тарга жана турак-жайлардын отурукташкан формаларына өтүшүнүн прогрессивдүү процесси Кыргызстандын аймагында бир кылка өткөн эмес. Ал түштүктө түндүктөгүгө караганда тезирээк жүргөн. Кыштактардын жана турак-жайлардын тиби да бирдей болбой, Түндүк жана Түштүк Кыргызстандын калкынын тарыхый-маданий ар кандай байланыштарына ылайыктуу калыптанган.

Түндүк Кыргызстанда XIX кылымдын экинчи жарымында келген орус жана украин калкынын чарбалык курулуштарынын тиби кабыл алынган. Ал эми Түштүк райондордогу кыргыздар өзүлөрүнүн өзбек жана тажик коңшуларынан турак үйлөрүнүн архитектурасын жана алардын ички бөлүштүрүлүшүнүн бөтөнчөлүктөрүн алышкан.

Азыркы кездеги кыргыз кыштактары ар кыл мезгилде, тарыхый ар кыл шарттардын таасири менен пайда болгон ар түрдүү типтердин жана варианттардын чырмалышып калган татаал көрүнүшү болуп саналат. Эгерде республиканын түштүк бөлүгүндө азыркы кыштактардын мүнөзүнө коңшу өзбек жана тажик калкы менен алакада болуу сезилээрлик таасир тийгизген болсо, түндүк Кыргызстандагы кыргыз кыштактарынан кыргыздардын орус жана украин калкы менен чарбалык жана маданий жактан жакындашуусунун тийгизген таасири көрүнүп турат.

Кечээки көчмөн кыргыздар кыска мөөнөттүн ичинде отурукташкан тиричиликтин эң маанилуу нерсесин - туруктуу типтеги турак-жайды - курушту. Бул турак-жай өзүнүн ар кылдуулугунун көптүгүнө карабастан, өзүнүн улуттук формасы бар, азыркы кездеги тиричилик укладынын ажырагыс бөлүгү болуп калды.

Демек, жогоруда кыргыз элинин салттуу турак жайынын ар кандай түрлөрү, терминологиясы, алардын ички түзүлүшү, тиричилик шартка ылайык салттуу зоналарга бөлүнүшү кыргыздардын байыркы тарыхый-маданий баалуулуктарынан кабар берет.

Адабияттар:

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. -Ф., 1990. - С. 126.
2. Аттокуров С.А. Кыргыздар XVIII кылымда. -Б., 2003. - 41-б.

3. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. -Ф., 1962.
4. Валиханов Ч. Избранные произведения. -Алма-Ата, 1958. -С. 112.
5. Радлов В.В. Из Сибири. Страницы дневника. -М., 1989. -С. 348.
6. Каратаев О.К. Кыргыздардын этномаданий байланыштарынын тарыхынан. -Б.: Бийиктик, 2003. - 267-б.
7. Каратаев О.К., Жалиева Б.С. Кыргыз-тува этномаданий байланыштары //Труды факультета истории и регионоведения КНУ им. Ж.Баласагына. -Вып. X. -С. 34-46.
8. Вайнштейн С.И. Проблемы истории жилища степных кочевников Евразии. //Советская этнография. № 4. -М., 1976. - 46-47-бб
9. Бутанаев В.Я. Традиционная культура и быт хакасов. -Абакан, 1996. -С. 61.
10. Тощакова Е.М. Традиционные черты народной культуры алтайцев (XIX – начало XX в.). –Новосибирск: Наука, 1978. – 96-98-бб.
11. Тихонов С.Н. Традиционные жилища алтайцев. //Этнография народов Сибири. Новосибирск, 1984. -С. 58-59.
12. Манас эпосу. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 2-китеп, -Фрунзе, 1984. - 204-бет.
13. Манас эпосу. Саякбай Каралаевдын варианты боюнча. 2-китеп, -Фрунзе, 1984.
14. Манас. Энциклопедия. 1-бөлүк. -Бишкек, 1995, 153-бет.